**УДК 800.87 (575.2)(04)**

**ТУМОНБАЕВА Ч.**
*Ж.Баласагын атындагы КУУ*
**ТУМОНБАЕВА Ч.**
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**TUMONBAEVA CH.**
*J. Balasagyn, Bishkek*

# КЫРГЫЗ ТИЛИ ЖАНА АДАБИЯТЫ САБАГЫНДА ЭТНОПЕДАГОГИКАНЫН РОЛУ

***Аннотация:*** *Этнопедагогиканын врнвктуу идеяларын жана салттарын коомдо, уй-булодо, билим беруу мекемелеринде пайдалануу, кайра жаратуунун теориялык методикалык негиздерин иштеп чыгуу. Азыркы мезгилде муундарды тарбиялоо процессии жалпы адамзаттын жана нагыз улуттук дввлвттврдун негизинде вркундвтуу талабын коюу зарыл.*

***Аннотация:*** *Применение идей и традиций этнопедагогики в обществе, в семье, в учреждениях образования, разработка теоретических и методических основ преобразований. В данное время необходимо ставить требование совершенствования процесса воспитания молодого поколения на основе общечеловеческих и национальных традиций.*

***Annotation:*** *Application of oulstanding ideas and stadions of etno pedagogy in the society, in thefamily, in the educational istituhons, to develop the theoretical and methodological foundations of transformation. At this time, it is necessary to put regurements to improve the process of educating the yong generation on the basis of universal and hystenc national achievements.*

***Туйундуу*** ***свздвр:*** *элдик тарбия, руханий маданият, адеп-ахлак, акыл жана дене бой маданияты, ден соолук, улуттук оюндар, элдик онер, улуттук дввлвттвр.*

***Ключевые слова:*** *народное воспитание, духовная культура, нравственность, культура ума и телесной культуры, здоровье, национальные игры, народное творчество, народные ценности.*

***Key words:*** *national education, spiritual culture, moraliny, culture,of mind and the body culture, health, national games, folk art, and national values.*

Кыргыз тили жана адабияты сабагын этнопедагогиканы пайдалануу, элементтерин колдонбой элестетуу мумкун эмес. Этнопедагогиканын обьектиси элдик педагогикада да езуне таандык бир топ езгечелуктерге ээ. Элдик тарбиянын тамыры элдин тарыхы менен тыгыз байланышта. Этнопедагогиканын илимий-теориялык мааниси менен катар практикалык мааниси да ете зор. Ал коомчулукту, мугалимдерди, ата-энелерди кеп кылымдык сыноодон еткен педагогикалык акыл-ойлор, тарбиялоонун ийкемдуу, таасирдуу усулдары, жол-жоболору менен куралдандырат, жаш муундарга езунун рухий керенгесун, нарк-насилин нукура элдик нарк-деелеттер менен байытуу, еркундетуу учун шам чырак катары кызмат кылат. Ошондой эле этнопедагогикалык изилдеелер орчундуу саясий-идеологиялык мааниге да ээ. Жер жузундегу ар бир улут тарыхый тажрыйбалардын негизинде урпактарынын улам алгалап есушу учун не бир кайталангыс, салттуу маданият тузууге умтулуп, рухий маданият чейресунде езун башка биреенен кем баалаган эл болгон эмес.

Жазылган карт тарых ичинде дуйнену титиреткен Египет, Ассирия, Эллада, Рим, Византия, татар-монгол, аксак Темирдин империялары урап жок болду. Ал учурдагы Евразияны солкулдатып турган элдер жок болуп, башка элдерге синип, азыр тарыхтан гана окуп калабыз. Ал эми кыргыз эли езунун элдик атын, тилин, дилин, кеенербес керкем дуйнену камтыган маданиятын андап билген киши ойго салаар орошон ойчулдугун 4000 жылдан бери сактап келатат.

Нечендеген замандар бою элдигин, улуттугун жоготпой келгендиктин себеби эмнеде? Анын себеби биз тээ байыркы бабаларыбыз жаратып, муундан муунга кастарлап еткеруп келген улуу эпосторубузда, улуттук деелетте, улуттук деелет элдин тилинде, дуйне таанымында, салтында, наркында, демек, дилинде, кеенербес маданиятында. Улуттук дене тарбия оюндары да элдик маданияттын бир бутагы катары чьщ, чымыр денете негиз салуу менен бирге, жаштардын руханий саламаттыгынын да булаты болуп келген.

Кыргыз элинде «салтуу оюндар», «акыл оюндары», «ат оюндары», «кыймыл оюндары», «еспурумдер оюндары», «кыз оюндары», «спорт оюндары» ж.б. **400ге** жакын улуттук оюндары бар. Мынча сандагы оюндар башка бир да улутта жок. А тугул, азыркы дуйнелук спортто да 400 тур жок. Ошондой эле кыргыздын улуттук оюндарын еткеруу учун эч кандай стадиондун, спорт сарайлардын, спорт залдардын, атайын даярдалуучу кымбат баалуу спорттук шаймандардын да кереги жок, талаа-туз болсо болду, ал эми спорттук снаряддарды ошол эле жерден 5 мунетте даярдап алса болот. Анын устуне алардын кепчулугу кунумдук тиричиликте колдонуучу буюмдар. Ал оюндар ездерунун тузулушу боюнча жылдын мезгилдерине карата жаралып, ар мезгилге ез оюну бар. Демек, жаз-жайына, куз-кышына карабай улуттук оюндар узгултуксуз етуп келген. Жамгыр кенектеп тегуп, жер кар борошолоп, бороон болуп атса да ойноло турган упай, тогуз коргоол, коен тебиш ендуу оюндарды чыгарышкан.

Улуттук оюндар элдик тарбиянын ажырагыс белугу. Оюндар еспурумдерду элди, жерди, мекенди суйууге, адептуулукке, эмгекчилдикке, акыл-эстуулуукке, баатырдыкка, чечкиндуулукке тарбиялоодо **элдик педагогиканын тубелук адатка айланган талабы** болгон. Улуттук оюндарды адамзаттын кеп кылымдык маданиятын сактап келаткан кенч катары бааласак болот. Анткени оюндар улуттун материалдык, руханий чыгармачылыктарынын бардык тармактарын камтыйт.

Ата-бабаларыбыз ар кыл татаал кыйынчылыктарга моюн сунбай, аларга туруктуулук, эпчилдик, билгичтик менен каршы тура алчу жарандарды жаратуу учун аларды бала кезинен кендурушкен. Анын негизги жолдорунун бири улуттук оюндар эле. Кыргыздын улуттук оюндарына кез чаптырып керсек - ар бир оюндун ез максаты, балдардын, жаштардын кайсы бир касиетинин пайда болушуна, анын енугушуне шарт тузген оюндар. Мына ошол ар кыл оюндарга кызыктыруу менен балдарды акырындык менен **тарбиялоону** башташкан. Маселен тестиер балдар **«Кан таламай»** оюнун ездештурушкен соц **«упайга»** етушкен, **«уюм тууду»** оюнунан кийин «тогуз коргоолго» етушкен, **«уч тапан»,«оцко»** оюндарынан кийин **«ордо»** оюнун ездештурушкен. Мунун езу женекейлуктен татаалдыкка етуунун эц сонун мисалы. Балдардын, жаштардын ар кыл мучелерунун енугушуне себепкер ар турдуу кызыктуу оюндар болгон. Мисалы **«топ таш», же «чакмак алуу»** оюнунда манжалардын кучу чьщалып, эпчилдик енуксе, «ат капля», «коен тебиш» оюндарында ич, бел булчундары чьщалат. **«Оромпой», «Аркан тартыш» («Ит тартыш»)** оюндарында сан, бут булчундарынын чьщалышына ебелге тузулсе, **«Чикит», «Жее чабыш»** оюндарында епкенун кееп чыгышын, дем алуу процессии женге салуу машыктырылган. Ал эми **«Жыланач чабышуу»** чыдамкайлыкка уйретуунун езу эмеспи.

Ушундай оюндар менен ата-бабабыз билгизбестен ысык-суукка чыдамдуу, чарчап-чаалыгууну билбеген, кыймылы ыкчам, ар нерсенин ыгын тапкан айлакер жарандарды естурууге шарт тузушкен. Ал эми **«Уюм тууду», «Тогуз коргоол», «Ордо»** оюндары аркылуу эсептееге, ой жугуртууге уйретушкен. Бабаларыбыз улуттук оюндар кан тамырдын иштегенин жакшыртаарын, дегени ийилчээкке машыктыраарын жакшы билишкен. Ошон учун улуттук оюндарды журегу таза, денеси чьщ, ой-сезими жогорку инсандарды естуруу учун пайдаланышкан.

Алгачкы жоокерликке даярдоо ыкмасынын абдан пайдалуусу элдик спорттук оюндар экени атам-замандан эле

белгилуу болуп, ал оюндар согушка даярдануунун, машыгуунун каражаты болгон. Кечмендук заманда туш тарабьщ бут жоо, ошон учун жылдын мезгилине карабай куну-туну сак-сактап, кылычтын мизи кайралуу, найзанын учу булелуу болуп, аттары тапталуу, ездеру бапталуу болуу менен бирге коргонуу, чабуул коюу, буктурма сыяктуу тактикалык, жалпы казаттын журушу тууралуу стратегиялык чечимдерди чыгарууга мумкунчулугу бар акылы зирек, ой калчай билген колбашчылар да болушу керек. Кечмендер учун зарыл болгон жоокерчиликке жаштарды оюнга кызыктыруу менен билгизбей даярдап келишкен. Ошон учун жамбы атмай, найза сайыш, кылыч чапмай, куреш, кек беру, ордо, тогуз коргоол оюндары пайда болгон.

Жамбы атмай, найза сайыш, кылыч чапмай, куреш оюндары жоокерчиликке алгачкы даярдык экени айтпасак деле кезге даана керунуп турбайбы. Ал эми кек беру, ордо, тогуз коргоолдун жоокерчиликке кандай тиешеси бар деген азыркы учурга жуйелуу суроо туулушу мумкун. Ал суроого жооп теменкудей.

**Тогуз коргоол** - логикалык жендемдуулукту, жол тапкычтыкты талап кылган татаал оюн. Бул азыркы тил менен айтканда башкы штабдын карта устундегу согуштук оюну же стратегиялык журуштерге уйретуучу оюн. Оюнчудан акыл калчап ой жугуртуу менен каршысынын коргоолдорун акырындык менен топтоп, утуп чыгыш керек, демек, жоонун жуздугун, миндигин, тумендерун жок кылуу деген сез. Баатырлар женип чыгуу енерун кан кечкен согуш майданында эле эмес, тогуз коргоол оюну аркылуу да ездештурушкен. Согуш учурунда майданды толук кере билууну, ой жугуртууну, бирди берип онду алганды уйретушкен. Тогуз коргоол байыркы кечмендердун жашоого, айлана-чейреге болгон кез карашынан улап келип чыккан баа жеткис эстелик. Кыргыз эли тогуз коргоол оюнун кылымдардан кылымдарга чейин жоготпой, унутпай сактап келе жатканы биз учун бир эсе сыймык, бир эсеп жооптуу. Анткени жаш еспурумдердун ден соолугунун чьщ болушу менен катар, акылдуу болушуна да бабаларыбыз кеп кам

керуп ушул оюнду ойноп келишкен. Ошондуктан биз бул оюнду эл арасында угуттеп, уйретуп жана ойноп кийинки муундарга калтырышыбыз парз. Тогуз коргоол оюнунун сак, гун, усундар доорунан бери 3 миц жылдык тарыхы бар. Аны **турк тилдуу калктардын** арасында кыргыз, езбек, казак, кытай, каракалпак, турк, алтай элдери ойношот. «Манас» эпосунда да тогуз коргоол оюну эскерилип,байыртадан эле кыргыз эли ойноп келе жатканы айтылган.

Чуй ереенундегу Бурана тарых музейинде салмагы 200 кг барабар бетине тогуз коргоол оюну чегилген таш турат. Ал таш Кызыл-Суу ереенундегу Кашка-Суу айылынан табылып, музейге алып келинген. Ойнолуп олтуруп таштагы уйлердун жетилгенине Караганда, бул таштын чегилишине да бир топ кылым болсо керек. Фергана ереену байыркы адамдардан калган эстеликтерди ез ичине камтыйт. Тогуз коргоол оюнунун эрежесин кагаз турунде 1900-жылы Мажар (Венгер) элинин окумуштуусу Д.Ж.Алмаши «Путешествие по Центральной Азии» (Будапешт, 1902 г. С.718-722) жазып кеткен.

Тогуз коргоол оюну шахмат менен окшоштугу бар экени жана айырмачылыктары женунде далилдер бар. Тогуз коргоол оюну балдардын математика сабагын ездештуруууде да чоц ролду ойнойт. Балдарды саноого уйретуу, жуп-так деген эмне экендигин, математикалык бардык амалдар да (кемитуу, кошуу, белуу, кебейтуу) оюнда колдонулат. Логикалык элементтерди да уйретууге чоц пайдасы бар. (Чылымов А. 1994).

**Орд о оюну** - кыргыз элинин улуттук оюну экендигин тастыктаган кептеген изилдеелерге таянсак, бул оюнду кыргыз эли гана ойногондугу маалым. Бул азыркы тил менен айтканда согуштук тактиканын оюн турунде етушу. Ордо -бул жоокерлери бар хан же тумен. ар бир чуке езунче бир отряд. Манас бабабыз баштаган баатырлардын бала кезинен баштап, емурунун акырына чейин ордо оюнуна кызыкканынын себеби бекеринен болбосо керек. Оюн кыймылдуу оюндардын катарынан орун алган бийик маданияттуу кеп нерсени талап кылбаган физика, тарых,

алгебра, геометрия, химия жана башка илимдерди ичине камтыган оюн десек болот. «Ордо оюнун» жакшы жакка буруп, ар дайым эл арасындагы ынтымакка, достукка пайдалансак, кыргыз элинин адилеттуулугун, меймандостугун, сабырдуулугун, улуулугун тастыктаган болор элек.

**Кек беру** - кылым карыткан оюн. Аны ата-бабаларыбыз аздектеп, сактап, муундан-муунга мурас катары еткеруп келишкен. Оюндун кыргызча аты «улак тартыш» болсо, кыргыздын «чабандес» деген сезу фарси тилинде «кек беручу» деген мааниде айтылат экен (К.Карасаев «Камус наама Манас) сездугу» Б, 17. 30-6.). Оюн жаштарды тузден-туз согуш талаасындагы жоокерчиликке уйретуу. Ат менен биригип кентаврга айлануу, ыкчам ой жугуртууге, енектерун сезе билип, алар менен бирге бирдиктуу куч тузуу, бирдиктуу коргонуп, бирдиктуу чабуул коюуга машыгуу. Эр эниш, тыйын энмей кек берунун элементтеринин бири серкени энууге, каршылашынан жулуп алууга уйретуу. «Кек беру» оюну кыргыз элинин байыртадан келаткан улуу эпосу «Манаста» да эскерилет.

Жоокерчилик заманда элдик оюндар да заманга жараша жоокерчиликтин турлерун керсетуу болгон. Жоокерчиликке даярдануу катары «Кек беру» улакчынын тайманбастыгын, шамдагайлыгын, эпчилдигин, карандай кучун, ежерлугун, айлакерлигин талап кылат. Бул сапаттардын бирее эле жок адамдан жакшы улакчы чыкпайт. Бул сапаттар менен деле куюндай ойногон ектем, буура сан, таш туяк дулдулдар болбосо, атыккан улакчы деле эч нерсе кыла албайт. Оюнчу менен аты келишсе гана чыгаан улакчы чыгат, кентаврга айланат. Ошондой эле бул оюнда чабуул учурундабы же коргонуудабы, улакчылардын биримдиги, бирин бири айттырбай тушуне билуусу, б.а. жамааттык аракет зарыл. Мына ушундай касиеттери менен бул оюн кечмендер учун ездерун бабында, аттарын табында кармап турууга ебелге тузуп, жен эле кумар кандыруучу оюн эмес, жоого дайыма даяр, камылганлуу туруунун бир ыкмасы болгон. Айта берсек мындай мисалдар кеп.

Эми азыркы учурда спорт туруне кирген оюндарга токтололу. **«Ат чабыш», «Аламан», «Кунан чабыш», «Жорго салыш»** етуп эле аткансый, енугуп эле аткансыйт. Бирок бул чабыштарда чыныгы кыргыз жылкылары сыналбайт, англис жана орлов тукумундагы аттар сыналат. Чабылган аралык да кыска, анткени алар узак аралыкка чуркай алышпайт. Чыныгы кыргыз тукумундагы жылкылар гана узак аралыкка чыдашат. Андыктан ата-бабаларыбыз ардактап, муундан муунга еткеруп келишкен калбыр епке жез канат, ташка салса тайбаган, тоого салса талбаган, челге салса чаалыкпас кыргыз тукумундагы Камбар-ата тукумун кебейтушубуз зарыл. Кыргыз баласы ат жалында терелуп, ат жалында торолуп, ат жалында жан берип келишкен. Алар жоо-жарагын жанына ала журушуп, жашоо тиричилиги ат менен адамдардын биримдигине байланыштуу болуп, ат адамдын жакын досу, канаты катары керушуп, атка минген кыргыз эркин куштай учуп калчу.

Биз ата мурасы болгон жамбы атмай, эр сайыш, кылыч чапмай оюндарын жандандырышыбыз керек. Кыргыз элинин улуттук оюндары азыр кай бир дуйнелук спортко синий кеткенин керууге болот. Мисалы **«эшек секирмей»** оюну учурда спорттук гимнастикада журет. Англичандар биздин **«Ак челмек»** оюнубузду бир аз езгертуу аркылуу «Регби» деп атап**, «Урма топ»** менен **«Чикит»** оюндарын бириктирип, бир аз езгертуу киргизишип, «Гольф» деп атап, дуйнеге ез оюндары катары киргизишти. Курештун кээ бир ыкмалары самбого синип кеткен. Азыр «**Кыргыз курвшу»** деген ат менен журген федерациялар чемпионаттарды, турнилерди еткеруп келет. Азыр бизде чыныгы кыргыз курешун кайра жаратуу милдети турат. Эзубуздун ата мурасын кайра жаратуу, енуктуруу, куч органдарынын окуу жайларына сезсуз турде окуу предмети катары киргизуу, бабаларыбыздын арбагын ыраазы кылуу менен елкебуздегу бейпилдикти коргоого салым кошкон болоор элек.

Жыйынтыктап айтканда, биздин Кыргызстандын ааламы да чыныгы кыргызчылыкка, элдин салт-санаасына, деелетуне, маданиятына, улуттук оюндарына дилин

коюшкан балдардын деми, чыныгы кыргыздын ан-сезими, кыргыз дили Y$^{4}$Y$^{Н}$ курешуубуз керек. 2014-жылы биринчи жолу еткен дуйнелук кечмендер оюндары, 2016-жылы 2-дуйнелук кечмендер оюнуна кырктан ашык, 2018-жылы Ш дуйнелук кечмендер оюндарына жетимишке жакын мамлекеттен катышкан спортчуларга, екулдеруне, куйермандарга жогорудагы айтылган езубуздун нукура салттуу оюндарыбызды даназалай алдык деп сыймыктансак болот.

***Пайдаланылган адабияттар***


1.Алмаши Д.Ж. Путешествие по Центральной Азии. Будапешт, 1902 г.

2.Карасаев К. Камус наама Манас сездугу. 30-6.

З.Дюйшекеев Т. Искусство илеби. Б.2009

4.Токторбаев С. еспурумдер оюндары. Б. 1999, КЭС.


***Рецензент:*** **Осмоналиева Г.К. -** филология илимдеринин кандидаты, Ж. Баласагын атындагы КУУнун профессору.